# КУУда «Түркологиялык окуулар-4» Эл аралык илимий-практикалык конференция өтөт

## МААЛЫМАТ КАТ

2026-жылдын 8-9-октябрында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана I. Баку Түркологиялык курултайынын 100 жылдыгына карата Кыргыз Республикасындагы Азербайжан Республикасынын элчилиги жана Хазар университети менен биргеликте **“ТҮРКОЛОГИЯЛЫК ОКУУЛАР-4”** сериясынын “**ТҮРК ДҮЙНӨСҮНДӨ АЗЕРБАЙЖАН ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ-3** аталышында Эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлөт.

***Конференциянын максаты:*** КУУнун 100 жылдык маарекесин утурлай университеттин бир кылымдык тарыхын, анын ичинде түркология илимине кошкон салымын эл аралык деңгээлде көрсөтүү максатында Түрк дүйнөсүндөгү азербайжан тилин жана адабиятын изилдеген окумуштууларды бир аянтчага топтоо менен Кыргызстан менен Азербайжандын, ошондой эле башка түрк тилдүү мамлекеттердин илимий мекемелеринин ортосундагы кызматташтыкты жаңы деңгээлге көтөрүү.

***Конференциянын жумушчу тилдери:*** кыргыз, түрк тилдери, орус жана англис тилдери

Конференция пленардык жыйын жана төмөнкү секциялык багыттар боюнча иш алып барат:

***I. Секция: Түрк дүйнөсүндө азербайжан тилин изилдөөнүн актуалдуу маселелери жана салыштырма-тарыхый тил илиминдеги жаңылыктар;***

***II. Секция: Азербайжан адабияты жана түрк элдеринин адабий байланыштары: тарыхы, бүгүнкүсү жана келечеги;***

***III. Секция: Түрк тилдерин жана адабиятын окутуунун заманбап методикасы: инновациялык технологиялар жана тажрыйбалар.***

Конференцияга катышуу үчүн төмөндөгү **катышуу формасы**н (Тиркеме №1) толтуруп **2026 - жылдын 4-сентябрына** чейин turkologycusupbalasagyn@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүүңүздү өтүнөбүз.

Конференциянын материалдары "Qədim diyar" эл аралык илимий басылмасына жарыяланат.
Конференцияга катышуу акысыз. Жол акы жана жашоо чыгымдары катышуучу же жөнөтүүчү тараптын эсебинен каржыланат. Конок үйлөрү боюнча кошумча маалымат берилет.

### Жарыялоо үчүн тезистерди иштеп чыгуу эрежелери

Докладдардын тезиси 1 беттен ашпаган көлөмдө MS Office Word редакторунда формулаларсыз жана чиймелерсиз даярдалышы керек.

Барак жана текст параметрлери: аннотация 150-200-сөз; кагаз көлөмү-А4 (210мм х 297мм); үстүнөн - 20мм; астынан - 20мм; сол жагынан - 30мм; оң жагынан - 15мм; шрифт – Times New Roman; сап аралыгы-бирден; шрифттин негизги өлчөмү - 14 пт.; тегиздөө-туурасы боюнча.

Конференция боюнча жалпы маалымат Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин расмий сайтында жарыяланат.

**БАЙЛАНЫШ:** turkologycusupbalasagyn@gmail.com
Телефон: +996706363723 Элебесова Бурул Бекказиевна (Россия, Кытай ж.б. өлкөлөр)
+996775003341 Курамаева Фаризат Нуржигитовна (Түрк мамлекеттери)

(Тиркеме №1)

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**



**“ТҮРКОЛОГИЯЛЫК ОКУУЛАР-4” сериясы**
**“ТҮРК ДҮЙНӨСҮНДӨ АЗЕРБАЙЖАН ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ-3 ”**
**аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференция**
8-9-октябрь, 2026-жыл

| | | |
|---|---|---|
| **1** | **Аты-жөнү (толук)** | |
| **2** | **Илимий даражасы, наамы** | |
| **3** | **Окуу жайы** | |
| **4** | **Багыты** | |
| **5** | **Баяндаманын аталышы** | |
| **6** | **Аннотация** | |
| **7** | **Өлкөсү** | |
| **8** | **E-mail:** | |
| **9** | **WhatsApp/Telegram** | |
| **10** | **Катышуунун түрү (онлайн же офлайн)** | |